4-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн 2012-жылдын
"14" декабрындагы № 834
токтому менен бекитилген

**Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн төлөмдү эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө жобо**

1. Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн төлөмдү эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) "Жер казынасы жөнүндө" жана "Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштелип чыкты.

2. Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөмдөрдү (мындан ары – төлөм) Кыргыз Республикасында пайдалуу казындылардын кендерин издөөгө жана/же чалгындоого, жана/же иштетүүгө укук алган жер казынасын пайдалануучулар төлөөгө тийиш.

3. Төлөмдөрдү эсептөө объектиси болуп жер казынасын пайдалануучунун белгилүү бир аймактагы жер казынасын пайдалануу укугу саналат.

4. Пайдалуу казындылардын кендерин издөө жана/же чалгындоо жана/же иштетүүдө төлөмдөрдү эсептөө үчүн база болуп лицензиялык аянттын өлчөмү саналат.

5. Издөө иштеринин лицензиялык аянтынын максималдык өлчөмү чектелбейт.

6. Жер казынасын пайдалануучу лицензиялык аянтты кыскартуу укугуна ээ. Жер казынасын пайдаланууга карата мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан кыскартылуучу аянтта аткарылган иш жөнүндө жылдык отчет кабыл алынгандан кийин, бузулган жерлерди рекультивациялоодон кийин аянтты кыскартуу жылына бир жолу жүргүзүлүшү мүмкүн.

7. Пайдалуу казындылардын кендерин издөө максатында жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөм жылына лицензиялык аянттын квадрат километри үчүн бир эсептик көрсөткүчүнө эселенип белгиленет. Пайдалуу казындылардын кендерин издөө максатында жер казынасын пайдалануу укугуна лицензиялык аянтты эсептөө үчүн ставканын өлчөмү ушул Жобонун 1-тиркемесинде келтирилген.

Приложение 4

Утверждено
постановлением Правительства
Кыргызской Республики
от «14» декабря 2012 года №834

**Положение**
**о порядке уплаты и исчисления платежа за удержание лицензий на право пользования недрами**

1. Положение о порядке уплаты и исчисления платежа за удержание лицензий на право пользования недрами (далее - Положение) разработано в соответствии с законами Кыргызской Республики «О недрах» и «О неналоговых платежах».

2. Платеж за удержание лицензии на право пользования недрами далее (далее - платеж) подлежит уплате недропользователями, получившими право на поиск и/или разведку, и/или разработку месторождений полезных ископаемых в Кыргызской Республике.

3. Объектом исчисления платежа является право пользования недрами недропользователем на определенной территории.

4. Базой для исчисления платежа при поиске и/или разведке, и/или при разработке месторождений полезных ископаемых является размер лицензионной площади.

5. Максимальный размер лицензионной площади поисковых работ не ограничивается.

6. Недропользователь имеет право сократить лицензионную площадь. Сокращение площади может производиться один раз в год, после принятия уполномоченным органом по реализации государственной политики по недропользованию годового отчета о выполненной работе на сокращаемой площади, после рекультивации нарушенных земель.

7. Плата за удержание лицензии на право пользование недрами с целью поиска месторождений полезных ископаемых устанавливается кратно одному расчетному показателю за квадратный километр лицензионной площади в год. Размеры ставок для исчисления лицензионных площадей на право пользование недрами с целью поиска месторождений полезных ископаемых приведены в приложении 1 к настоящему Положению.

8. Плата за удержание лицензии на пользование недрами с целью разведки месторождений полезных ископаемых устанавливается кратно одному расчетному показателю за гектар лицензионной площади в год. Размеры ставок для исчисления лицензионных площадей на право

8. Пайдалуу казындылардын кендерин чалгындоо максатында жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөм жылына лицензиялык аянттын гектары үчүн бир эсептик көрсөткүчкө эселенип белгиленет. Пайдалуу казындылардын кендерин чалгындоо максатында жер казынасын пайдалануу укугуна лицензиялык аянтты эсептөө үчүн ставканын өлчөмү ушул Жобонун 2-тиркемесинде келтирилген.

9. Пайдалуу казындылардын кендерин иштетүүгө лицензияны кармоо үчүн төлөм жылына лицензиялык аянттын гектары үчүн бир эсептик көрсөткүчкө эселенип белгиленет. Пайдалуу казындылардын кендерин иштетүү укугуна лицензиялык аянтты эсептөө үчүн ставканын өлчөмү ушул Жобонун 3-тиркемесинде келтирилген.

10. Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензия алган лицензиат лицензия алган күндөн тартып 30 календардык күндүн аралыгында жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны колдонуунун биринчи жылы үчүн төлөмдү төлөшү керек.

11. Андан ары төлөмдү төлөө квартал сайын жүргүзүлөт. Бир жыл үчүн төлөмдөрдүн жалпы өлчөмү айлар боюнча пропорциялуу бөлүштүрүлөт жана лицензиат отчеттук кварталдан кийинки айдын 20сынан кечиктирбестен төлөм төлөп турат.

12. Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 9-августундагы №160 "Жер казынасы жөнүндө" Мыйзамы күчүнө киргенге чейин берилген лицензиялар боюнча лицензиялык төлөмдөрдү төлөө өлчөмүн аныктоо үчүн мөөнөттү эсептөө лицензияны биринчи берген күндөн баштап жүргүзүлөт. Мында лицензия иш жүзүндө колдонулган мезгил гана эсепке алынат.

13. Лицензияны кармоо үчүн төлөм киргизилгенге чейин берилген лицензиялар боюнча төлөм Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 9-августундагы №160 "Жер казынасы жөнүндө" Мыйзамы күчүнө кирген учурдан баштап алына баштайт жана 2012-жылдын аягына чейин калган убакытка пропорциялуу эсептелет. Андан кийин төлөмдү төлөө жалпы тартипте жүргүзүлөт.

14. Төлөм төлөө тикелей жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджетине жүргүзүлөт. Мында лицензиялык аянт бир нече административдик-аймактык бирдиктин аймагында жайгашса, төлөм төлөө аталган тигил же бул административдик-аймактык бирдиктин аймагында жайгашкан аймакка пропорциялуу ар бир жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эсебине жүргүзүлөт.

15. Төлөмдү эсептөө жер казынасын пайдаланууга карата мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт жана лицензиялык аянттын жайгашкан орду боюнча салык органына берүүсү үчүн жер казынасын пайдалануучуга берилет. Эгер лицензиялык аянт бир нече административдик-аймактык бирдиктин аймагын камтыса, анда ар бир

пользование недрами с целью разведки месторождений полезных ископаемых приведены в приложении 2 к настоящему Положению.

9. Плата за удержание лицензии на разработку месторождений полезных ископаемых устанавливается кратно одному расчетному показателю за гектар лицензионной площади в год. Размеры ставок для исчисления лицензионных площадей на право разработки месторождений полезных ископаемых приведены в приложении 3 к настоящему Положению.

10. Лицензиат, получивший лицензию на право пользования недрами, в течение 30 календарных дней со дня получения лицензии должен оплатить платеж за первый год действия лицензии на право пользования недрами.

11. В дальнейшем, оплата платежа производится на ежеквартальной основе. Общий размер платы за год распределяется пропорционально по месяцам, и лицензиат производит уплату платежа не позднее 20 числа месяца, следующего за отчетным кварталом.

12. Исчисление сроков для определения размеров оплаты лицензионных платежей по лицензиям, выданным до вступления в силу Закона Кыргызской Республики «О недрах» от 9 августа 2012 года № 160, осуществляется от даты первоначальной выдачи лицензии. При этом в учет берется только период фактического пользования лицензией.

13. Плата по лицензиям, выданным до введения платежа за удержание лицензий, начинает взиматься с момента вступления в силу Закона Кыргызской Республики «О недрах» от 9 августа 2012 года № 160 и исчисляется пропорционально оставшемуся времени до конца 2012 года. В дальнейшем оплата платежа производится в общем порядке.

14. Оплата платежа производится напрямую в бюджеты органов местного самоуправления. При этом, если лицензионная площадь находится на территории нескольких административно-территориальных единиц, оплата платежа производится на счет каждого органа местного самоуправления, пропорционально площади, которая находится на территории той или иной указанных административно-территориальных единиц.

15. Расчет платежа производится государственным органом по реализации государственной политики по недропользованию и выдается недропользователю для представления в налоговый орган по месту нахождения лицензионной площади. Если лицензионная площадь охватывает территории нескольких административно-территориальных единиц, то составляется соответственно несколько расчетов по каждой административно-территориальной единице отдельно.

16. При выдаче лицензии недропользователю одновременно выдается расчет платежа.

17. В течение 30 дней с момента вступления в силу настоящего Положения государственный орган по реализации государственной политики по недропользованию производит расчеты платежа за период,

административдик-аймактык бирдик боюнча өзүнчө тиешелүү түрдө бир нече эсептөө түзүлөт.

16. Лицензияны берүүдө жер казынасын пайдалануучуга бир учурда төлөмдүн эсеби берилет.

17. Ушул Жобо күчүнө кирген учурдан баштап 30 күн ичинде жер казынасын пайдаланууга карата мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча мамлекеттик орган ушул Жобонун 13-пунктунда аталган мөөнөт үчүн төлөмдү эсептөөнү жүргүзөт жана аларды лицензияларды алган лицензиаттарга тапшырат.

Ушул пунктта көрсөтүлгөн учурда, лицензиат ага төлөмдү эсептөө талаптагыдай тапшырылган учурдан тартып 15 календарлык күндүн ичинде төлөмдү төлөөгө милдеттүү. Талаптагыдай тапшыруу деп эсептөөнү лицензиаттын өзүнө же анын өкүлүнө кол койдуруу менен тапшыруу, эсептөөнү заказ кат менен почта боюнча акыркы белгилүү дарегине жиберүү түшүндүрүлөт. Өзүнүн дарегин алмаштырган жана бул жөнүндө лицензиарга кабар бербеген лицензиат, төлөмдү өз убагында төлөбөгөндүгүнүн кесепеттеринин коркунучун өзү тартат.

18. Төлөм 30 календардык күндөн ашык мөөнөткө чейин төлөнбөсө, "Жер казынасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, жер казынасын пайдалануучунун лицензиясын жокко чыгаруу үчүн негиз болуп саналат.

19. Жер казынасын пайдалануучу квартал сайын жер казынасын пайдаланууга карата мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча мамлекеттик органга төлөнгөндүгүн ырастаган документтердин көчүрмөсүн тиркөө менен төлөмдүн төлөнгөндүгү жөнүндө маалыматты берет. Төлөмдү төлөө жөнүндө маалыматты бербөө, төлөмдү төлөбөгөн катары кабыл алынат.

20. Лицензияны кармоо үчүн төлөмдөрдү төлөө төмөнкү учурларда токтотулат:

- лицензия жокко чыгарылган айдан кийинки айдан тартып, жер казынасын пайдалануу укугу токтотулса (лицензия жокко чыгарылса);

- пайдалуу казындыларды казып алуу башталган учурдан тартып, кен казуу иштеринин макулдашылган планында белгиленген пайдалуу казындыларды казып алуунун жылдык көлөмүн 100 пайыз аткаруу шартында.

21. Пайдалуу казындыларды казып алуунун жылдык көлөмү толук эмес аткарылган учурда лицензиат төлөмдү тиешелүү жыл үчүн казуу иштеринин аткарылбай калган көлөмүнө пропорционалдуу болгон суммада төлөөгө милдеттүү.

22. Лицензиялоонун шарттарында каралган милдеттерди лицензиаттын аткаруусуна тоскоол болгон форс-мажорлук жагдайлар болгон учурунда төлөм эсептелбейт жана төлөнбөйт. Ушул пункта көрсөтүлгөн форс-мажорлук жагдайлар жана алардын аракетте болгон мөөнөтү Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасы же сот тарабынан аныкталат.

указанный в пункте 13 настоящего Положения, и вручает их лицензиатам, получившим лицензии.

В случае, указанном в настоящем пункте, лицензиат обязан оплатить платеж в течение 15 календарных дней с момента надлежащего вручения ему расчета платежа. Под надлежащим вручением понимается вручение расчета лично лицензиату или его представителю, под роспись, направление расчета по почте заказным письмом по последнему известному адресу. Лицензиат, сменивший свой адрес и не поставивший об этом в известность лицензиара, самостоятельно несет риск последствий несвоевременной уплаты платежа.

18. Неуплата платежа в срок более 30 календарных дней является основанием для аннулирования лицензии недропользователя согласно Закону Кыргызской Республики «О недрах».

19. Недропользователь ежеквартально должен подавать в государственный орган по реализации государственной политики по недропользованию сведения об уплате платежа, с приложением копий подтверждающих оплату документов. Непредоставление сведений об оплате платежа расценивается как неуплата платежа.

20. Уплата платежа за удержание лицензии прекращается:

- при прекращении прав пользования недрами (аннулировании лицензии), с месяца, следующего за месяцем, в котором была аннулирована лицензия;

- с момента начала добычи полезных ископаемых, при условии 100-процентного выполнения годового объема добычи полезного ископаемого, установленного согласованным Планом горных работ.

21. В случае частичного выполнения годового объема добычи полезного ископаемого, лицензиат обязан уплатить платеж в сумме, пропорциональной объему недовыполненных добычных работ за соответствующий год.

22. В период действия форс-мажорных обстоятельств, препятствующих выполнению лицензиатом обязательств, предусмотренных условиями лицензирования, платеж не начисляется и не уплачивается. Обстоятельства форс-мажора и период их действия, указанные в настоящем пункте, устанавливаются Торгово-промышленной палатой Кыргызской Республики или судом.

23. Приостановление действия лицензии не является основанием для приостановления начисления и оплаты платежа.

24. В случае если приостановление действия лицензии будет признано незаконным по решению суда, уплаченные суммы платежа за время приостановления лицензии подлежат возврату лицензиату, либо должны быть зачтены в счет будущих платежей.

25. Контроль за правильностью и своевременностью уплаты платежа в бюджет осуществляют налоговые органы в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

---

48

23. Лицензиянын жарактуулугун токтото туруу төлөмдү эсептөөнү жана төлөөнү токтото туруу үчүн негиз болуп саналбайт.

24. Эгер лицензиянын жарактуулугун токтото туруу соттун чечими боюнча мыйзамсыз деп табылса, лицензия токтотулуп турган мезгилде төлөнгөн төлөмдүн суммасы лицензиятка кайтарып берилүүгө тийиш, же алдыдагы төлөмдөрдүн эсебине чегерилиши керек.

25. Төлөмдүн бюджетке туура жана өз убагында төлөнүшүн контролдоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салык органдары ишке ашырат.

---

48

Жер казынасын пайдалануу укугуна
лицензияларды кармоо үчүн төлөмдү
эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө
жобого 1-тиркеме

**Пайдалуу казындыларды издөөдөгү төлөмдүн ставкасы**

| Пайдалуу казындылардын түрлөрү боюнча издөө | 1-жылга, ЛКТ 1 кв. кмге МЭК | 2-жылга, ЛКТ 1 кв. кмге МЭК | 3-жылга, ЛКТ 1 кв. кмге МЭК | 4-жылга, ЛКТ 1 кв. кмге МЭК | 5-жылга, ЛКТ 1 кв. кмге МЭК | 6-жылга, ар бир кийинки жылга ЛКТ 50 % га жогорулайт |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Рудалык** | | | | | | |
| Асыл металлдар (алтын, күмүш, платина) жана сейрек кездешүүчү металлдар | 1 | 1 | 5 | 10 | 20 | 30 |
| Кендердин чачындысы | 5 | 5 | 10 | 20 | 30 | 45 |
| **Рудалык эмес** | | | | | | |
| Кум, ылай, кум-шагыл аралашмасы жана башка инерттик тектер | 100 | 100 | 500 | 1000 | 2000 | 3000 |
| Зергер жана жасалма таштар | 100 | 100 | 500 | 1000 | 2000 | 3000 |
| **Көмүр** | 100 | 100 | 500 | 1000 | 2000 | 3000 |
| Мунай жана газ | 1 | 2 | 2 | 3 | 4 | 6 |

**Эскертүү:**

1) ЛКТ - лицензияны кармоо үчүн төлөм.

2) МЭК - минималдык эсептик көрсөткүч.

3) Пайдалуу казындыларды издөөдө бешинчи жылдан кийинки ар бир жылга төлөнүүчү төлөмдүн ставкасынын өлчөмү 50 пайызга жогорулайт.

Приложение 1
к Положению о порядке уплаты
и исчисления платежа за удержание
лицензий на право пользования недрами

**Ставка платежа при поиске полезных ископаемых**

| Поиски по видам полезных ископаемых | За 1-й год, ПУЛ за 1 кв. км МРП | За 2-й год, ПУЛ за 1 кв. км МРП | За 3-й год, ПУЛ за 1 кв. км МРП | За 4-й год, ПУЛ за 1 кв. км МРП | За 5-й год, ПУЛ за 1 кв. км МРП | За 6-й год. ПУЛ за каждый последующий год увеличивается на 50 % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Рудные** | | | | | | |
| Благородные металлы (золото, серебро, платина и редкоземельные металлы | 1 | 1 | 5 | 10 | 20 | 30 |
| Россыпь месторождения | 5 | 5 | 10 | 20 | 30 | 45 |
| **Нерудные** | | | | | | |
| Песок, глина, песчано-гравийная смесь и другие инертные породы | 100 | 100 | 500 | 1000 | 2000 | 3000 |
| Ювелирные и поделочные камни | 100 | 100 | 500 | 1000 | 2000 | 3000 |
| **Уголь** | 100 | 100 | 500 | 1000 | 2000 | 3000 |
| Нефть и газ | 1 | 2 | 2 | 3 | 4 | 6 |

**Примечание:**

1) ПУЛ – платеж за удержание лицензии.

2) МРП - минимальный расчетный показатель.

3) Размер ставки платежа, уплачиваемого при поиске полезных ископаемых, на каждый год, следующий за пятым годом, увеличивается на 50 процентов.

Жер казынасын пайдалануу укугуна
лицензияларды кармоо үчүн төлөмдү
эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө
жобого 2-тиркеме

**Пайдалуу казындыларды чалгындоодогу төлөмдүн ставкасы**

| Пайдалуу казындылардын түрлөрү боюнча чалгындоо | 1-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 2-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 3-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 4-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 5-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 6-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 7-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 8-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 9-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 10- жана кийинки жылдарга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Рудалык** | | | | | | | | | | |
| Асыл металлдар (алтын. күмүш, платина) жана сейрек кездешүүчү металлдар | 0,5 | 1 | 2 | 3 | 5 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| Кендердин чачындысы | 1 | 1 | 2 | 4 | 6 | 8 | 15 | 20 | 25 | 30 |
| **Рудалык эмес** | | | | | | | | | | |
| Кум, ылай, кум-шагыл аралашмасы жана башка инерттик тектер | 1 | 2 | 6 | 8 | 9 | 12 | 15 | 20 | 25 | 30 |
| Зергер жана жасалма таштар | 1 | 2 | 4 | 6 | 8 | 12 | 15 | 20 | 25 | 30 |
| **Көмүр** | 1 | 1 | 4 | 6 | 8 | 12 | 15 | 20 | 25 | 30 |
| Мунай жана газ | 0,1 | 0,1 | 0,3 | 0,5 | 0,6 | 0,7 | 0,8 | 0,9 | 1 | 1,5 |

**Эскертүү:**

1) ЛКТ - лицензияны кармоо үчүн төлөм.
2) МЭК - минималдык эсептик көрсөткүч.
3) Лицензия узартылган учурда онунчу жылдан кийин пайдалуу казындыларды чалгындоодо төлөнүүчү төлөмдүн ставкасынын өлчөмү 10-жыл үчүн ставка боюнча белгиленет.

Приложение 2
к Положению о порядке уплаты
и исчисления платежа за удержание
лицензий на право пользования недрами

**Ставка платежа при разведке полезных ископаемых**

| Разведка по видам полезных ископаемых | За 1-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 2-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 3-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 4-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 5-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 6-й год. ПУЛ за 1 га МРП | За 7-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 8-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 9-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 10-й и последующие годы, ПУЛ за 1 га МРП |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Рудные** | | | | | | | | | | |
| Благородные металлы (золото, серебро, платина и редкоземельные металлы | 0,5 | 1 | 2 | 3 | 5 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| Россыпные месторождения | 1 | 1 | 2 | 4 | 6 | 8 | 15 | 20 | 25 | 30 |
| **Нерудные** | | | | | | | | | | |
| Песок, глина, песчано-гравийная смесь и другие инертные породы | 1 | 2 | 6 | 8 | 9 | 12 | 15 | 20 | 25 | 30 |
| Ювелирные и поделочные камни | 1 | 2 | 4 | 6 | 8 | 12 | 15 | 20 | 25 | 30 |
| **Уголь** | 1 | 1 | 4 | 6 | 8 | 12 | 15 | 20 | 25 | 30 |
| Нефть и газ | 0,1 | 0,1 | 0,3 | 0,5 | 0,6 | 0,7 | 0,8 | 0,9 | 1 | 1,5 |

**Примечание:**

1) ПУЛ – платеж за удержание лицензии.
2) МРП - минимальный расчетный показатель.
3) Размер ставки платежа, уплачиваемого при разведке полезных ископаемых, в случае продления лицензии, следующий за десятым годом, устанавливается по ставкам за 10-й год.

15

Жер казынасын пайдалануу укугуна
лицензияларды кармоо үчүн төлөмдү
эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө
жобого 3-тиркеме

**Пайдалуу казындыларды иштетүүдөгү төлөмдүн ставкасы**

| Пайдалуу казындылардын түрлөрү боюнча иштетүү | 1-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 2-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 3-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 4-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 5-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 6-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 7-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 8-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 9-жылга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК | 10- жана кийинки жылдарга, ЛКТ 1 га үчүн МЭК |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Рудалык** | | | | | | | | | | |
| Асыл металлдар (алтын, күмүш, платина) жана сейрек кездешүүчү металлдар | 5 | 5 | 20 | 50 | 60 | 70 | 80 | 90 | 100 | 110 |
| Кендердин чачындысы | 1 | 1 | 10 | 15 | 20 | 30 | 40 | 60 | 80 | 100 |
| **Рудалык эмес** | | | | | | | | | | |
| Кум, ылай, кум-шагыл аралашмасы жана башка инерттик тектер | 1 | 1 | 2 | 3 | 4 | 6 | 8 | 10 | 15 | 20 |
| **Көмүр** | 1 | 1 | 10 | 20 | 30 | 40 | 50 | 60 | 70 | 80 |
| Мунай жана газ | 0,5 | 0,5 | 1 | 1,5 | 2 | 3 | 5 | 7 | 9 | 11 |

**Эскертүү:**

1) ЛКТ - лицензияны кармоо үчүн төлөм.

2) МЭК - минималдык эсептик көрсөткүч.

3) Лицензиянын онунчу жылдан кийинки жарактуулугунун акыркы жылдарында жана узартууда пайдалуу казындыларды иштетүүдө төлөнүүчү төлөмдүн ставкасынын өлчөмү 10-жылга болгон ставка боюнча белгиленет.

Приложение 3
к Положению о порядке уплаты
и исчисления платежа за удержание
лицензий на право пользования недрами

## Ставка платежа при разработке полезных ископаемых

| Разработка по видам полезных ископаемых | За 1-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 2-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 3-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 4-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 5-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 6-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 7-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 8-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 9-й год, ПУЛ за 1 га МРП | За 10-й и последующие годы, ПУЛ за 1 га МРП |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Рудные** | | | | | | | | | | |
| Благородные металлы (золото, серебро, платина и редкоземельные металлы | 5 | 5 | 20 | 50 | 60 | 70 | 80 | 90 | 100 | 110 |
| Россыпные месторождения | 1 | 1 | 10 | 15 | 20 | 30 | 40 | 60 | 80 | 100 |
| **Нерудные** | | | | | | | | | | |
| Песок, глина, песчано-гравийная смесь и другие инертные породы | 1 | 1 | 2 | 3 | 4 | 6 | 8 | 10 | 15 | 20 |
| **Уголь** | 1 | 1 | 10 | 20 | 30 | 40 | 50 | 60 | 70 | 80 |
| Нефть и газ | 0,5 | 0,5 | 1 | 1,5 | 2 | 3 | 5 | 7 | 9 | 11 |

**Примечание:**

1) ПУЛ – платеж за удержание лицензии.

2) МРП - минимальный расчетный показатель.

3) Размер ставки платежа, уплачиваемого при разработке полезных ископаемых, на последующие годы действия и продления лицензии, следующий за десятым годом, устанавливается по ставкам за 10-й год.